КАРАЛДЫ
педагогикалык кенештин
№_11__ протоколунда
«___11__»_ноябрь___2019-ж

БЕКИТЕМ
№7 жалпы орто билим берүү
мектебинин директору
_______ Бердалиев Ч.Б.
11.11.2019-ж

# Предметтик декаданы өткөрүү жөнүндө жобо

- ***Жалпы жобо.***

1.1. Мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу максатында мектептин предметтик декадасы жылына бир жолу усулдук бирикме тарабынан илимий методикалык кызматтын пландаштыруусунун негизинде усулдук бирикмелер тарабынан өткөрүлөт.

1.2.Предметтик декаданын милдети:

- Ачык сабактарды класстан тышкаркы иштерди уюштуруу жана өткөрүүгө даярдануусу аркылуу, мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өнүктүрөт.
- Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык иш аракеттерге тартуу ;
- Окуу процессинде предметти үйрөнүүгө,окууга болгон кызыгуусун арттырууга мүмкүнчүлүк түзөт .
- Чыгармачыл жөндөмгө ээ болгон окуучуларды табуу аркылуу алар менен билим берүү чөйрөсүндө терең изилдеп иштөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.
- Илимде, техникада көркөм өнөрдө окуучулардын өнүгүүсү үчүн педагогикалык технологиялардын банкын калыптандыруу.

## II. Предметтик декаданы уюштуруу жана өткөрүүнүн тартиби:

2.1.Мектептин предметтик декадасы график боюнча өткөрүлөт.

2.2 Предметтик декада мектептин иш планына ылайык жүргүзүлөт.

2.3 Иш-чаралар декаданын максаттарына жана тематикасына ылайык келиши керек

2.4.Предметтик декаданын уюштуруучулары тийиштүү предметтердин мугалимдер жана УБнин жетекчиси болуп саналат.

2.5 Предметтик декаданын катышуучулары болуп төмөнкүлөр саналат::

- предметтик декада жүргүзүлүп жаткан предмет боюнча билим алып жаткан ; окуучулардын тобу жана бардык мугалимдер;

2.6. Предметтик декаданын алкагында төмонкүлөр өтүлүшү мүмкүн:

- Предмет боюнча традициялык эмес, интерактивдүү сабактар;
- Класстан тышкаркы иштер;
- Мектеп боюнча жалпы иш чара;.
- Жамааттын чыгармачылык иштери;
- Окуу тарбия иштеринин ж.б формалары
- Предмет боюнча олимпиадалар;

2.7. Декаданын планын түзүүдө төмөнкүлөрдү эске алуу керек:

-предметти окуткан бардык мугалимдердин жумушка орношуусу;

- сабактарды жана иш-чараларды өткөрүүнүн ар кандай формалары;

- күнүн, убактысын жана жоопкерчилигин көрсөтүү менен иш-чаралардын так графигин түзүү.

2.8 Ар бир предметтик мугалим предметтик декаданын алкагында бирден кем эмес сабак жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүүсү зарыл.

2.9. Предметтик декаданы өткөрүү ар кандай визуалдык маалымат менен коштолушу керек.

2.10предметтик декаданын аягында мугалим декаданын жүрүшүндө уюштурулган иш- чараларга (сабактар, класстан тышкаркы иш-чаралар) маалыматтарды камсыз кылып өздүк анализин айтат

2.11.Предметтик декаданын жыйынтыгы боюнча мугалим методистке төмөнкү документтерди берет:

- - ачык иш-чаралардын пландары же сценарийлери;
- - педагогикалык кызматкерлердин жана окуучулардын аты-жөнүн сыйлыкка көрсөтүү менен предметтик декаданын жыйынтыгы боюнча отчет .